М.Куренкеев атындагы №11 орто мектебинин педагогикалык кенешмесинде кабыл алынды
№ 1/12 "5" сентябрь 2022-ж.

М.Куренкеев атындагы №11 орто мектебинин директору
_____ М.Бакирова
№ 1/12 "5" сентябрь 2022-ж.

**М.Куренкеев атындагы №11 орто мектебинин «Жыл мугалими» кароо-сынагы жөнүндө жобо**

**1 .Жалпы жоболор**

**Кароо-сынак төмөнкүлөргө багытталган:**

1.Мугалимдердин кесиптик беделин жогорулатуу, анын кесиптик жана инсандык жактан өз мүмкүнчүлүктөрүн көрсөтүү үчүн шарт түзүп берүү
2.Талanттуу ,чыгармачыл педагогдорду табуу,аларды колдоо жана кубаттоо
3.Мугалимдердин чыгармачылык активдүүлүгүн өнүктүрүү
4.Жаңы технологияларды кесиптик чеберчиликте колдонуу
5.Окуу ишмердүүлүгүн кесиптик чеберчилик менен өнүктүрүү
6.Мугалимдин эмгегин баалоо жана билим берүүнүн сапатын өркүндөтүү.
7.Коомдо билим берүүнүн артыкчылыктуу багыттарын бекитүү
8.Кесиптик байланыш чөйрөсүн кеңейүү

**1.1.Сынактын максаттары:**

-Билим берүүнү өнүктүрүү үчүн мугалимдик кесиптин кадыр –баркын көтөрүү
-Талanттуу ,чыгармачылык менен иштеген мугалимдерди жана лидерлерди аныктоо, аларга дем берүү
-Ар бир мугалимдин билим сапаттарынын көрүнүштөрү, алардын өзгөчө усулдарын баалоо
-Мыкты мугалимдердин педагогикалык билимдерин жана тажрыйбасын жайылтуу.

**1.2.Талапкерлерди корсотуунун тартиби:**

Кароо-сынакка бардык мугалимдер катыша алат.Караоо-сынакка катышуу үчүн мугалимдердин педагогикалык тажрыйбасы жана жаш курагы чектелбейт. Сынакка катышуу педагогикалык кызматкердин ыктыярдуу иши жана сынактын ар бир этабында талапкердин макулдугу талап кылынат.

**1.3.Кароо-сынактын шарттары:**

-Сынакка катышуу үчүн уюштуруу комитетине төмөнкү документтер топтомун тапшырууга тийиш:
А)Сынактын катышуучусунун жеке арызы жана резюмеси
Б)Катышуучунун сүрөтү(9Х12 өлчөмүндө түстүү болушу керек)
В)Сынактык сабакка өтүнмө(предмети,классы жана окутуу тили)
Г)Жеке маалыматтарды иштеп чыгууга жана сынактын материалдарын жарыялоого макулдук жөнүндө арыз.

Документтер электрондук түрдө этап башталганга чейин 20 күндөн кечиктирилбестен сынактын уюштуруу комитетине берилиши керек.

**1.4.Сынакта эмнелер каралат:**

Бардык этаптарда мугалимдин иш тутуму бааланат жана анын сабактын техникасын, методикасын өздөштүрүү даражасы аныкталат. Жаш муунга билим жана тарбия берүүнүн педагогикалык технологиялары, методикалары, жаңы ыктары жана ыкмалары анализделет.

Сынактын мазмуну ар бир тур үчүн аныкталат жана ага төмнкүлөр кирет: педагогикалык тажрыйбанын презентациясы, мастер класстар, конкурстук сабактар жана өзүн –өзү анализдөө.

**1.5.Өткөрүү этаптары**

Сынак жалпы төрт этап менен өткөрүлөт. Биринчи этап мектепте, экинчи этап райондук бөлүмдөр тарабынан жүргүзүлөт. Үчүнчү этапты областтык билим берүү башкармалыктары, төртүнчү-жыйынтыктоочу этабы Билим беүү жана илим министрлиги ж.б.тарабынан өткөрүлөт.

**1.6.Өткөрүү тартиби**

Бардык этапта мелдеш 2 турда өтүп, 3 сынактык иш- чараны камтыйт.

1турда катышуучу 15 мүнөттө педагогикалык тажрыйбасын презентациялап, дагы 15 мүнөттүн ичинде калыстар тобунун мүчөлөрүнүн суроолоруна жооп берет. Андан кийин 20 мүнөткө чейин мастер-класс өткөрөт.

2турда мугалим 40 мүнөттүк сабак өтөт. Өзүн –өзү анализдөөгө 5 мүнөт убакыт берилет. Сынактык сабактын темасы калыстар тобу тарабынан сынак өткөрүлүп жаткан жалпы билим берүү уюмунун календарлык-тематикалык планына ылайык аныкталат.

Сабактын темасы жана аны баалоо критерийлери катышуучуларга сынак башталганга чейин 7 календарлык күн мурун маалымдалат. Эки турдун жыйынтыгы боюнча сынактын жеңүүчүсү жана сыйлык ээлери аныкталат.